**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Абдиев М. К.**________________
**«27»___ноябрь___2020-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

# ГЕРБИОН® ЧЫРМООК

**Соодадагы аталышы**
Гербион® чырмоок

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Дарынын түрү**
Соруу үчүн таблеткалар

**Курамы**
1 соруу үчүн бир таблетка төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат*: чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты (5-7,5:1)[1] – 35 мг.
*Көмөкчү заттар*: изомальт (М тиби), лимон кислотасы (Е330), сукралоза (Е955), карамель жыпар жыт бергичи[2], цитрус жыпар жыт бергичи[3], ачуу жалбыз жалбырактарынын майы.
[1] Чырмоок жалбырактарынан кургак чырмоок жалбырактарынын экстракты (Hedera helix L., Аралия түркүмү (Araliaceae), folium). Дарылык өсүмдүк чийки затынын баштапкы экстрактынын өлчөмүнө карата катышы: 5-7,5:1.
Экстрагент: 30% этанол (м/м).
[2] Карамель жыпар жыт бергичи төмөнкүлөрдү камтыйт: табигый даам-жыпар жыт берүүчү зат, жыпар жыт бергич, пропиленгликоль (Е1520), суу.
[3] Цитрус жыпар жыт бергичи төмөнкүлөрдү камтыйт: табигый даам-жыпар жыт берүүчү зат, жыпар жыт бергич, бутилгидроксианизол (Е320).

**Сүрөттөмөсү**
Ачык күрөңдөн күрөң түскө чейинки четтери кертилген жана бети бодуракай соруу үчүн тегерек таблеткалар. Сарыдан күрөң түскө чейинки кошундулардын, ачык түстөгү тактардын, аба көбүкчөлөрүнүн болушуна жана четтеринин бир аз тегиз эместигине жол берилет.

**Фармадарылык тобу**
Суук тийүү симптомдорун жана жөтөлдү четтетүү үчүн препараттар. Экспекторанттар, жөтөлдү баскан айкалыштардан тышкары. Какырыкты чыгаруучу препараттар. Чырмоок жалбырактарынын экстракты.
**АТХ коду**: R05CA12

**Фармакологиялык касиеттери**
Препараттын курамында муколитикалык жана бронхоспазмолитикалык каражат катары таасир берүүчү жөнөкөй чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактысы бар. Препарат какырыктын жабышкактыгын төмөндөтүүгө шарт түзөт, какырууну жеңилдетет жана жөтөлдү тынчтандырат.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
Гербион® чырмоок соруу үчүн таблеткалар препарат нымдуу жөтөлдө какыртуучу каражат катары колдонулат.

**Дозалоо режими жана колдонуу жолу**
*Чоңдор, өспүрүмдөр жана 6 жаштан улуу балдар*: күнүнө 3 жолу 1 соруу үчүн таблетка (күнүнө 105 мг чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактына туура келет).
Таблетканы толук эригенче ooздо соруу керек.
Гербион® чырмоок препараты менен дарылоо мезгилинде жетиштүү өлчөмдө, бирок таблетканы соргондон кийин дароо эмес жылуу суу же чай ичүү сунушталат.
Таблеткаларды түздөн-түз тамактанууга чейин же тамактануу убагында колдонууга болбойт.
Дарылоо узактыгы – 7 күн. Дарыгердин сунушу боюнча курсту кайталоого болот.
*6 жашка чейинки курактагы балдар үчүн бул дары түрүндө препаратты өлчөмдө мүмкүн болбогондугуна байланыштуу, Гербион® чырмоок сиробу препаратты колдонуу сунушталат.*

**Каршы көрсөтмөлөр**
Активдүү субстанцияга, аралия түркүмүндөгү башка өсүмдүктөргө же препараттын көмөкчү заттарынын бирине жогорку жекече сезгичтик.

**Кыйыр таасирлери**
Башка дары каражаттары сыяктуу эле Гербион® чырмоок препараты айрым учурларда кыйыр таасирлерди жаратышы мүмкүн.
Тез-тез ($\geq$ 1/100 баштап <1/10 чейин):
- көңүл айнуу, кусуу, ич өтүү.
Көп эмес ($\geq$ 1/1000 баштап <1/100 чейин):
- бөрү жатыш, тери бөртмөсү, купероза же дем кысылуу түрүндөгү аллергиялык реакциялар, сезимталдык реакция.
Аллергиялык реакциялар пайда болгон учурда препаратты ичүүнү токтотуп жана дарыгер менен кеңешүү керек.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана колдонуудагы сактык чаралары**
Эгерде оорулуунун абалы 7 күн дарылоодон кийин жакшырбаса, же дем кысылганда, ириңдүү какырык пайда болсо же дене табы жогорулаганда дарыгерге кайрылуу керек.
Адистен алдын ала консультация алуусуз кодеин же декстрометорфан сыяктуу жөтөлгө каршы каражаттар менен биргеликте колдонуу сунушталбайт. Курчуу баскычындагы ашказан-ичеги жолдорунун оорулары бар бейтаптар этияттыкты сакташы керек.

*Препараттын айрым ингредиенттери жөнүндө маанилүү маалымат*
Гербион® чырмоок соруу үчүн таблеткалар препаратынын кумарында изомальт бар. Тукум куучу фруктозаны көтөрө албастыгы бар бейтаптар муну эске алышы керек.

***Кош бойлуулукта жана бала эмизген мезгилде колдонуу***
Кандайдыр бир препараттарды колдонуу алдында дарыгерден кеңеш алуу керек.
Кош бойлуу жана бала эмизген мезгилде колдонуунун коопсуздугу боюнча маалыматтар чектелүү болгондугуна байланыштуу препаратты бейтаптардын бул категориясына колдонуу сунушталбайт.

***Унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасири***
Препараттын автоунааны жана башка механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири жөнүндө маалымдалган эмес.

**Ашыкча доза**
Сунушталгандан көп дозаны колдонууга болбойт
*Симптомдору:* суткалык дозадан эки эседен көп ашкан дозаларды ичүүдө көңүл айнуу, кусуу, ич өтүү, абалдын дүүлүгүүсү пайда болушу мүмкүн.
*Дарылоо:* симптомдоруна жараша.
Өткөрүп жиберген дозаны компенсациялоо үчүн эки эсе дозаны колдонууга болбойт.

**Башка дары препараттары менен өз ара таасири**
Ичип баштоо алдында дарыгерге Сиз кандайдыр бир дары каражатын колдонуп жатканыңыз же бир аз мурун колдонгонуңуз тууралуу маалымдашыңыз керек. Башка дары каражаттары жана тамак-аш азыктары менен өз ара таасири жөнүндө маалыматтар жок.

**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин пайдаланууга болбойт.

**Сактоо шарттары**
25°С дан жогору эмес аба табында, нымдан коргоо үчүн түп нуска таңгагында сактоо керек.
Балдар жетпеген орунда сактоо керек.

**Чыгаруу формасы**
Соруу үчүн таблеткалар.
8 таблеткадан ПВХ/ПЭ/ПВДХ фольгасынан жана алюминий фольгасынан жасалган блистерде.
2, 3 же 4 блистер колдонуу боюнча нускама менен бирге картон кутучага салынат.

**Берүү шарттары**
Рецепти жок берилет.

**Өндүрүүчү**
КРКА, д.д., Ново место, Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения

**Таңгактоочу**
КРКА, д.д., Ново место, Рада Пушеньяка көчөсү 10, 9240 Лютомер, Словения

***Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттарынын сапаты боюнча арыздоолорду (сунуштарды) кабыл алуучу уюмдун аталышы жана дареги:***

КРКА, д.д. өкүлчүлүгүнүн кеңсеси, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,
Телефон: +(996) 312 662 250
Электрондук почта: pharmacovigilance.KG@krka.biz